**УДК 371.3:811.512.154**

**ИСКАКОВА Э.С., БАЙГУТУЕВА М.К.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ, Бишкек*
*J. Balasagyn KNU, Bishkek*
***Isakova E.S., Baigutueva M.K.***
*elvira_iskakova@list.ru*

# УЛАНТУУЧУ ТОПТОРДО ӨМҮР БАЯН ЖАЗУУНУН ЫК-ЖОЛДОРУ.
## Способы написания автобиографии в продолжающей группе.
## Some ways of writing an autobiography in a long band.

***Аннотация:****замандын талабына ылайык кандай гана мекемеде болбосун иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүү актуалдуу маселелердин бири болуп келет. Бүгүнкү күндө жогорку окуу жайларында салттуу методдордун алкагынан чыгып, иш кагаздарын өтүүдө интерактивдүү ыкмаларды колдонуу негизги талаптардын бири. Мындай методдордун жардамы менен өтүлүп жаткан тема түшүнүктүү болуп, студенттин сабакка болгон кызыгуусун арттырып, анны турмушта тура колдонууга түрткү болот. Макалада жогорку окуу жайларынын улантуучу топторунда өмүр баян жазуунун ык-жолдору берилген.*

***Аннотация:*** *из требований жизни видно, что ведение делопроизводства в различных учреждениях является актуальным вопросом. На сегодняшний день одним из основных требований в высших учебных заведениях при обучении делопроизводству является обучение путем применения интерактивных способов, путем выхода из традиционных методов обучения. Даная тема с помощью применения таких методов легко воспринимаема, вызывает у студента интерес к уроку и подталкивает его к правильному применению в жизни. В данной статье даны методы написания автобиографии для продолжающей группы в высших учебных заведениях.*

***Annotation:*** *it is clear from the demands of life, that the conduct of proceedings in the various agencies are pressing issues. To date, one of the main requirements in higher education institutions for teaching to the Records Management is to educate through the use of interactive methods by leaving the traditional teaching methods. The ongoing theme through the use of such methods is easily perceptible, is the student interest in the lesson and pushes it to the correct application in life. In this article, the methods were given for writing his autobiography for the Group's continuing in higher education.*

***Негизги сөздөр:*** *өмүр баян; текст; көнүгүү; иш кагаз; «мээге чабуул»; кайталоо; машыгуу.*

***Ключевые слова:*** *автобиография; текст; упражнение; деловые бумаги; «мозговой штурм»; повторение; тренировка.*

***Keywords:*** *autobiography; text, exercise; business papers; «Brain storm» reiterarion; training.*

Кыргыз тилин окутууда жеке гана кыргыз элинин тилине, дилине, баалуулуктарына, дөөлөттөрүнө гана токтолбостон кыргыз тилинде иш кагаздарды тура жана так жазууга үйрөтүү бүгүнкү күндүн талабы болуп келет. Анткени, «Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы» [11, 5-бет] иштелип чыккандан бери ар бир жаран үчүн мамлекеттик тилди билүү жана коомдук турмушта активдүү колдонууга чо стимул болду. Иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүү бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири.

Бүгүнкү күндө кыргызстанда жашаган калктын көпчүлүк пайызы кыргыз тилинде сүйлөгөндү билсе да, иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзө алышпайт. Ал эми кандай гана тармак болбосунар бир адам иш кагаздарын колдонот. Мына ушундай шарттаар бир кызматкер иш кагаздарын мамлекеттик тилде сабаттуу жаза билүүсү керек.

Мына ушунун негизинде иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча жогорку окуу жайында билим алган улантуучу топторунун студенттерине өтүлгөн сабактын иштелмесин сунуш кылууну тура көрдүк.

Сабактын темасы «Менин өмүр баяным».

Алгач студенттерге «мээге чабуул» ыкмасын колдонуп төмөнкүдөй суроолор берилди:

1. Өмүр баян деген эмне?

2. Өмүр баянды кайсы учурда жазабыз?
3. Ким жазат?
4. Маалыматтар кандай берилиши керек?
5. Эмнелер камтылышы керек?
6. Эмнелер камтылбайт?
7. Эмнеге жол берилбейт?
8. Өмүр баян менен таанышкан адам кандай маалыматтарга ээ болушу керек? [2, 48-бет]

Жогорудагы суроолорго студенттер тарабынан болжолдуу айтылган жооптор:

1. Өзүнүн өмүр жолун баяндап жазган иш кагазы – өмүр баян.
2. Жумушка кирүүдө, окууга тапшырууда, башка жумушка которулууда.
3. Автор өзү жазат. Ар бир адамдын өмүр жолунун түрдүүлүгүнө байланыштуу, ар түрдүүчө жазылат.
4. Хронологиялык тартип сакталышы керек.
5. Өмүр баянга байланышкан бардык маалыматтар камтылышы керек.
6. Ашыкча маалыматтар.
7. Өзүн-өзү мактаганга болбойт.
8. Кишинин басып өткөн өмүр жолу, иштеген иштери, көз карашы, ата-энеси, үй-бүлөсү жөнүндө. [3, 49-бет]

Суроолорго студенттер тарабынан ар кандай жоопторду алган со, окутуучу студенттердин жоопторуна толуктоолорду киргизүү менен бирге өмүр баяндын маалымдаректери жана өмүр баян жазуунун талаптары боюнча кененирээк түшүнүк берип өтөт. Ошондой эле айтылган маалыматтар супсак, түшүнүксүз болуп калбашы үчүн ар кандай үлгүлөр жана берилген үлгүлөргө ылайыктуу тапшырмалар иштетилет. Мындай тапшырмаларды иштетүүнүн негизги максаты өмүр баянды жазып тим болбостон, сабаттуу, катасыз жазууга көнүктүрүү. Ар түрдүү тапшырмалардын берилиши сабакты кызыктуу жана жандуу өтүшүнө өбөлгө болот.

**Өмүр баян**

Мен, Сапаров Кайрат Осмонович 1980-жылы 30-ноябрда Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Баетов айылында жумушчунун үй бүлөсүндө туулгам. Атам – Сапаров Осмон, апам – Келгенбаева Гүлүпа. Алар азыркы учурда Баетов айылында иштешет.

Мен 1987-жылы Баетов орто мектебинин биринчи классына кирип, мектепти 1997-жылы аяктагам. Ошол эле жылы билим алууну улантуу максатында Кыргыз улуттук университетинин юридика факультетине тапшырдым. Аны 2002-жылы ийгиликтүү аяктап юрист кесибине ээ болдум. 2002-2005-жылдары КУУнун аспирантурасында окудум. 2005-жылы «Парламенттик башкаруу жана Кыргыз Республикасынын парламентинин түптөлүшү» деген темада кандидаттык диссертациямды коргодум. 2002-жылдан бери «Ата-Мекен» саясий-социалисттик партиясынын мүчөсүмүн жана ушул партияда юристтин жардамчысы болуп эмгек жолумду баштагам. Азыр бул партиянын юристи болуп эмгектенип келем. Көптөгөн мыйзамдардын үстүндө иштеп эмгегим бааланып келет. Мамлекеттик сыйлыктарга татыдым.

Жубайым Искендерова Айзада 1984-жылы туулган. Кесиби боюнча дизайнер. Уулум Нурдан 2006-жылы туулган. Кызым Айзирек 2009-жылы туулган.

Дарегим: Бишкек шаары, К. Акиев көчөсү 67-үй, 21-батир

Телефонум: 32-98-17

(колу) _______________ К.О. Сапаров12.07.2015

***Текстке карата тапшырмалар берилип жана ал тапшырма тест түрүндө боштуктарга туура келген сөздөрдү коюу менен бирге өмүр баян жазууга көнүгүшөт.***

**1**. 1980-жылы 30-ноябрда Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Баетов айылында .......... үйбүлөсүндө туулгам.

**А**.*айдоочунун* **Б**. *Башкарманын* **В.***жумушчунун* **Г.***дыйкандын*

**2.** Мен 1987-жылы Баетов орто мектебинин ....... классына кирип, мектепти 1997-жылы аяктагам.

**А**. *Биринчи* **Б.***экинчи* **В.***үчүнчү* **Г**. *төртүнчү*

**3**. Кыргыз улуттук университетинин юридика факультетине тапшырдым.

**А.***журналистика* **Б.**.*химия* **В**.*экономика* **Г**.*юридика*

**4.** 2002-…..-жылдары КУУнун аспирантурасында окудум.

**А.**2002 **Б**. 2003 **В**. 2005 **Г**. 2006

**5**. 2002-жылдан бери …….. саясий-социалисттик партиясынын мүчөсүмүн.

**А.***«Республика»* **Б**. *«Ата-Мекен»* **В.***«Ата-Журт»* **Г.***«Ар-Намыс»*

6. Көптөгөн ........... үстүндө иштеп эмгегим бааланып келет.

**А**. *Китептердин* **Б**. *Жумуштардын* **В.***илимий эмгектердин*
**Г**. *мыйзамдардын*

Андан соң өмүр баян тууралуу студенттердин билимин текшерүү максатында жана кайталоо иретинде төмөнкүдөй тапшырма иштелет.

| | **Суроолор** | **туура** | **ката** |
|---|---|---|---|
| 1 | I жак менен баяндалып жазылган өмүр баянды журналист жазат. | | |
| 2 | Өмүр баянда үй-бүлөөсү жөнүндө маалымат берилет. | | |
| 3 | Өмүр баянда терс фактылар камтылбайт. | | |
| 4 | Автор өзүн-өзү мактайт. | | |
| 5 | Хронологиялык тартип сакталат. | | |
| 6 | Иштеген иштери жазылбайт. | | |
| 7 | Автордун өз колу менен жазылат. | | |
| 8 | Ата-энеси тууралуу маалымат берилбейт. | | |
| 9 | Мамлекеттик сырлар камтылбайт. | | |
| 10 | Окууга же жумушка киргенде жазылат. | | |

Ошондой эле, педагог тарабынан студенттерге III жак менен жазылган өмүр баян боюнча маалымат берилип, үлгү катарында Алыкул Осмоновдун өмүр баяны уктурулат. [10, 3-бет]

Студенттердин эске тутумун жакшыртуу иретинде жана уккан маалыматты бышыктоо үчүн бир нече тапшырмалар иштетилет. Жогоруда берилген тапшырма сыяктуу уккан маалыматтын негизинде суроолордун туура же ката экендигин белгилешип, А.Осмонов тууралуу билгендерин бышыкташат.

| | **Суроолор** | **Туура** | **Ката** |
|---|---|---|---|
| 1 | Алыкул Осмонов 1915-жылы туулган. | | |
| 2 | Ал балалык чагын бактылуу өткөргөн. | | |
| 3 | Ийримдерге, кечелерге катышкан. | | |
| 4 | Котормочу да болгон. | | |
| 5 | “Махабат” ырлар китеби жарыяланган. | | |
| 6 | Жогорку кызматта иштеген. | | |
| 7 | Орус классиктеринин чыгармаларын сүйүп окуган. | | |
| 8 | Ата-энеси тууралуу маалыматтар айтылган эмес. | | |


| | | | |
|---|---|---|---|
| 9 | Залкар акын, котормочу болгон. | | |
| 10 | Таланттуу акын 30 жашында дүйнөдөн кайткан. | | |

**Төмөнкү боштуктарга туура келген вариантты белгилеңиз.**
Алыкул Осмонов .......... котормонун чебери.
**А**.*Романтикалык* **Б**. *поэтикалык* **В**. *драмалык* **Г**. *Прозалык*
**2**. Токмок ………. кабыл алынган.
**А.***интернатына* **Б**. *балдар бакчасына* **В**. *драм театрына* **Г**. *Лагерине*
**3**.Таланттуу акын ............... жарык дүйнөгө келген.
**А**. *Бишкек шаарында* **Б**. *Нарын областында* **В**. *Талас жергесинде*
**Г**. *Каптал-Арык айылында*

Алыкул Осмоновдун ырларынан жатка билесизби? Билсеңиз төмөнкү боштукка жазып, көркөм окуп бериңиз.

____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
__________

Жогорудагы тапшырмалар толугу менен иштелгенден кийин студенттер өмүр баяндын жазылуу жолдорун дагы жакшы өздөштүрүп, кийинки схеманы карап өздөрүнүн өмүр баянын жазып чыгууга тийиш.




1. Иш кагазынын аты (Өмүр баян);
2. Текст;
3. Датасы;
4. Колу.
5. Аты-жөнү [1, 97-бет]

Жыйынтыгында студенттер мурдагы алган билимдери менен сабактан алган жаңы маалыматтарды тапшырмалар аркылуу мыкты өздөштүрүп, билимдерин кеңейтишет жана өркүндөтүшөт. Кыргыз тили сабагы жалаң гана тилдин грамматикасына басым жасоо жана эрежелерди жаттатуу менен чектелбестен, ар кандай кызыктуу тапшырмалардан да түзүлүшү керек. Ошондо гана студенттер кыргыз тилинде сүйлөшүүнү гана эмес иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнү өздөштүрүшөт. Жогорудагы сунушталган сабактын үлгүсү аз да болсо тилди өнүктүрүүгө жана аны үйрөнүүчүлөргө жардамга келет деп ишенебиз.

**Адабияттар**


1. Ахматов Т, Ашырбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. -Б.: 2011.
2. Жапарова Б, Калиева Ө. Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жана расмий тилде жүргүзүү. -Б.: 2005.
3. Ибрагимов С. Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. -Б.: 2006
4. Карасаев К.Х. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. – Б.: -2009.
5. Иманов А.Иш кагаздарынын үлгүлөрү. - Каракол, 1992.
6. Иманов А.Иш кагаздарынын үлгүлөрү. - Каракол, 1999.
7. Иш жүргүзүү жана документтердин түрлөрү. / Түз. Тилекматов Э.М. ж.б.- Б.:1992.
8. Кандай жазылат? / Түз. Аширбаев Т., Кулушев Т. - Ош: 1999.
9. Курманаалы уулу Карыпбек, Айылчы кызы Таалайгүл. Окуу жайларда иш кагаздарды жүргүзүү боюнча нуска. - Б.: 1995.
10. Осмонов А. Тандалган чыгармалар. 1-том. Б.: 2014
11. Улуттук программа. Бишкек: 2014-ж.